“Бекитилди”

2022-жылдын 24-ноябрындагы

№3 педагогикалык кеңешмесинин

чечими менен

# Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет

Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби
(билим берүү уюмунун толук аталышы)

# ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

**1.Киришүү**

| | |
|---|---|
| 1.1Аккредитацияланануучу программалардын тизмеси | Жалпы башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүү программалары |
| 1.2 Аккредитацияланануучу билим берүү программасы боюнча кыскача маалымат | Мектептин №1 имараты1970-жылы.№2 имараты 1988-жылы,ал эми Пионер айылындагы филиалы 2012-жылы курулган.<br>Дубалы- ОШ60 тибинде щиттүү, филиалдын дубалы-кызыл кирпич тибинде<br>Капиталдык ондоодон өтө элек.<br>Мектептин жалпы аянты- 2895м$^2$<br>Филиалдын жалпы аянты- 893м$^2$<br>Менчиктин түрү-Муниципалдык<br>Билим берүү уюмунун статусу: Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби<br>ИНН-01604200410183<br>ОКПО- 20962356<br>Окутуу тили: кыргыз тилинде<br>Проект боюнча 160 окуучуга ылайыкталган.<br>Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби билим берүү процессин жалпы негизги программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:<br>- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл); - жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл);<br>- жалпы орто билим берүү ( окутуунун ченемдик мөөнөтү – 2 жыл); - даярдоо класстары 480 сааттык «Наристе» программасы менен окутулат;<br>Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби-16.04.2004-жылы юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоодо 22-октябрь 2018-жылы №0030322 каттоо номери менен Ысык-Көл облусттук Юстиция башкармасы тарабынан катталган.<br>Юридикадык жактан мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн номери-96231-3302-М-е. |
| 1.3 Билим берүү уюмунун миссиясы: | Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби базистик окуу планынын негизинде билим берүүнү камсыз кылат. Ата-энелер, коомчулук менен кызматташтыкта окутууну, тарбия берүүнү жүргүзүп, Мамлекеттик стандарттын негизинде программаларды толук өздөштүргөн билимдүү, компетенттүү, мекенчил жана маданияттуу бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу. |
| 1.4 Билим берүү уюмундагы жетекчинин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары. | Отомбаева Бермет Сандыбаевна<br>Байланыш телефону: 0702453472 |
| 1.5 Билим уюмунун буга чейинки аккредитация жөнүндө маалымат. | Аккредитациядан 2017-2018- окуу жылында өткөн. |
| Мектептин дареги: | Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ак-Суу району, Ново-Константиновка айылы, Жумаш агай көчөсү №1<br>Электрондук дареги: elebesov2017@mail.ru<br>Веб сайт: https://elebesov.mektebim.kg |

## 1. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | **Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер** | **Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары** | **Тастыктоочу база** |
|---|---|---|---|
| | | **1.БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окуу планы КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2022/2023- окуу жылы үчүн базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө» буйругунун, базистик окуу планына Түшүндүрмө катынын негизинде түзүлгөн. 2022-2023- окуу жылындагы мектеп компоненти кызыктар тараптардын сунушу жана 2022-жылдын 29-августундагы №1 педагогикалык кеңешменин чечими менен 5-класстарда 1сааттан табият таануу сабагына, кызыктар тараптардын сунушу менен окуучулардын физика, математика сабактарынын билим сапатын көтөрүү максатында 8- класска 1 саат физика сабагына, 10-класска 1 саат математика сабагына берилген. Окуу пландарынын сааттары ар бир окуу жылында класс комплектиге да жараша өзгөрөт.<br>Даярдоо классы 480 сааттык “Наристе” программасы менен окутулат.<br>Мектептин планы, предметтер боюнча окуу программалары, календарлык-тематикалык пландар усулдук бирикмелерде каралып макулдашылып, 2022-жылдын 29-августундагы №1 педкеңешменин чечими менен каралып, директор тарабынан бекитилген.<br>Предметтик календардык-тематикалык пландар КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы№393 токтомуна,<br>КР Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына , КР Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүүчү талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. | 1.1.1 Мектептин Базистик окуу пландары<br>1.1.2 №1 педагогикалык кеңештин токтомунан көчүрмө 29- август 2022-жыл.<br>1.1.3 Мектеп компоненти 5-класстар боюнча табият таануу сабагынын, 8-класстын физика сабагынын, 10-класстын математика сабагынын календарлык – тематикалык планы (мугалим иштеп чыккан).<br>1.1.4 Класс комплектилери |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрдүн ылайык келүүсү | Мектептин окуу-методикалык камсыздоосу окуу жылынын башында КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2022-жылдын 19-августундагы № 30 «Кут билим» газетасына сунуш кылынган билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери үчүн август кеңешмесине карата Методикалык сунуштар, методикалык колдонмолор.<br>Окуу жылынын башында мугалимдер окуу- методикалык камсыздоону усулдук бирикмелердин, усулдук кеңешмелердин иштеринде талкуулап, | 1.2.1. Окуу- методикалык камсыздоо жөнүндө Жобо<br>1.2.2.480 саат боюнча сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сунуштап, толуктоолорду киргизип, бекиттирип окуу жылында окуу- тарбия процессинде ишке толук ашырып келишет. Мектепте окуу- методикалык камсыздоо кызыктар тараптардын керектөөлөрүн эске алуунун негизинде түзүлгөн.<br>Нормативдик жана окуу-методикалык иш кагаздары менен иш алып баруу жакшы жолго коюлган: -мамлекеттик билим берүү стандарты; жумушчу планы, жумушчу окуу программасы, тематикалык пландар, мектептин ишинде окуу жана методикалык адабияттар кенири колдонулат, инструкциялар, карталар, сөздүктөр, көрсөтмө куралдар, окутуунун техникалык каражаттары- практикалык ишмердүүлүгү үчүн атайын каражаттар. Мектепте 480 сааттык "Наристе" программасы балдарды окууга тартуу максатында көпчүлүк сабактар оюн, жомок иретинде өткөрүлөт | |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектепте 315 окуучу окуйт. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.Китепкананын фонду – 5754 экземпляр китепти түзөт.<br>Алардан:<br>Окуу китептеринин саны –4416<br>Көркөм адабият китептер – 916<br>Методикалык китептер - 422<br>Мектеп боюнча китепкана фондунан окуу китептери менен камсыз болушу – 72,74 % ,ата-энелердин көмөгү менен 86%ти түзөт.<br>Баскычтар боюнча китеп менен камсыз болушу<br>1-4- класстар- 68,83 %<br>5-9- класстар–73,21%<br>10-11 класстар–79,36%<br>Класстар боюнча окуу китептери менен камсыз болушу төмөндөгүдөй:<br>1-класс – 54,27 %, 2-класс – 75 %, 3-класс – 67,78 %, 4-класс – 78,27 %,5-класс – 92,36%, 6-класс – 73,31%,7- класс – 62,59 %, 8-класс – 68,01 %, 9-класс – 69,8 %,10-класс – 72,92%,11класс – 85,79 %.<br>Мектепте бардык баскычтар боюнча окуу китептери окуучулардын контингентине жетишсиз.Мектеп администрациясынын ата- энелер менен сүйлөшүүнүн натыйжасында окуучуларга предметтер боюнча жетпеген окуу китептерин ата- энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) сатып беришкен. Бала окуп бүткөндөн кийин окуу китебин мектеп фондуна берип, мектептин кырдаалдан чыгышына жардам берип турушат.Ата- энелердин көмөгү менен окуу | 1.3.1 2022-2023-окуу жылынын Д-10 отчету.<br>1.3.2 «Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу боюнча маалымат» директор алдындагы кеңешменин токтом<br>1.3.3. Китепкананын 5ж. жыйынтыгы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | китептеринин камсыздалышы 13 % ти түзөт: Мындан тышкары окуу китептерин окуучулар электрондук китептер менен окушат. | |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Билим берүү программаларын жана окуу- методикалык камсыздоону жакшыртуу үчүн кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгил менен баалоо жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоону жүргүзүү иши мектепте системалуу жүргүзүлөт. Мектептин окуу программаларынын жана окуу- методикалык камсыздоонунун негизги компоненттеринин бири маалыматтык коопсуздукту камсыздоо. Билим берүү программаларын маалыматтык коопсуздуктан камсыздоо чарасы Интернет булактарын коопсуз пайдалануу көгөйү бар. Администрация тарабынан мугалимдерге маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча билим берүү программалары менен иштөөгө багытталган семине-тренингдер, вебинарлар өткөрүлгөн жана төмөнкү сайттар: https://www.bb.edu.gov.kg, oku.edu.gov.kg, ibilim.kg,kitep.edu.gov.kg сунушталган.<br>Мектептеги билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугу ар бир класста өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунда жана жалпы ата-энелер чогулушунда талкууланат.Планга ылайык, жумалык кеңешмелерде,директордун алдындагы жана педагогикалык кеңештерде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы талкууланып,анализ берилет,чечим чыгарылат.Кийинки иш-аракеттердин кадамы такталып, жоопкерчилдер жана мөөнөтү коюлат.<br>Кызыктар тараптарга «Маалыматтык коопсуздук» боюнча түшүндүрүү иштери,ченемдик укуктук акт менен тааныштыруу,окуучулар үчүн класстык сааттарды өтүү иш- чаралары жүрүп турат.Баалоо иши мугалимдерден,ата-энелерден,окуучулардан сурамжылоо жүргүзүү, интервью, жооп,аңгемелешүү, талкулоо тегерек стол уюштуруу аркылуу жүрөт. Усулдук кеңештерде анализ жасалат,талкууланат. | 1.4.1. Маалымат коопсуздугу жөнүндө Жобо<br>1.4.2.Ата-энелер чогулуштарынын сүрөттөрүнөн<br>1.4.3.Сабактар боюнча сүрөттөр<br>1.4.4. Усулдук Кеңештин Жобосу<br>1.4.5 УК планы |
| **Күчтүү жактар:** | | Окуу планын,билим берүү программаларынын мамлекеттик билим берүү стандарттары, предметтик стандарттардын талаптары менен дал келгендиги.Окуу программалары окуу-тарбия процессинде үзгүлтүксүз ишке ашырылып жана жыйынтыктарынын чыгарылгандыгы. Методикалык колдонмолордун электрондук варианттары менен мугалимдердин камсыз болушу.Окуучулардын электрондук окуу китептерин колдогондугу. Кызыктар тараптардын маалыматтык коопсуздук боюнча түшүнүктөрүнүн болушу. | |
| **Алсыз жактар:** | | Айрым предметтер боюнча окуу программалары менен окуу китептеринин темалары, мазмундарынын дал келбегендиги. Китепкана фондунда предметтер боюнча окуу китептери менен окуучулар жана мугалимдер үчүн методикалык пособие, окуу китептердин камсыздалышынын жетишсиздиги. | |

| 2.КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Сабакты пландоодо максаттары так,ченеле тургандай темага карата окуучунун позициясында коюлуп,сабактын башында ага кошумча критерийлери,индикаторлору болуп,окуучулар менен талкууланып,оңдоп-түзөөлөр киргизилип турат.Мектепте көбүнчө окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу үч багытта каралат: окуу процессинде баланын турмушуна керектүү окуу материлдарын берүү, керектүү материалдарды издеп табууга үйрөтүү,баланы алган билимин турмушта пайдалана алгандай окутуунун гана үстүндө күнүмдүк сабактар өтүлөт.Негизги жана предметтик компетенттүүлүктү түзүү сабактарда дайыма ишке ашырылып турат.М: маалыматты издөө, фрагменттерди салыштыруу, талдоо жүргүзүү,оюн, көз карашын айтуу,ой жүгүртүү, башка бирөөнүн оюн уга билүү,ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен чечим чыгаруу.Сабактын максатын окуучунун позициясында коюу менен сабактын мазмуну ачылып,колдонулган ыкмалар, көнүгүүлөр, ишмердиктер, баалоолор күтүлгүүчү натыйжага алып келгендиги байкалат.Мектепте сабакты туура пландоо мамлекеттик стандарттардын талаптарына дал келет, окуучулардын жана ата- энелердин суроо-талаптарына жооп берет. | 2.1.1. ОТЖП<br>2.1.2. Сабакты анализдөө картасы.<br>2.1.3.Сабактардын күнүмдүк-тематикалык планы.<br>2.1.4. УБ пландары<br>2.1.5. Билим сапатын көтөрүүнүн планы<br>2.1.6.Бүтүрүүчүлөрдүн моделдери<br>2.1.7. 2022-2023-о.ж.милдеттери |
| 2.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Мектепте окуу- тарбия процессинде МКТ жана инновациялык технологияларды,сабактарга даярданууда,өтүүдө,класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурууда, маданий-массалык иш-чараларда өтүүдө,тарбиялык иштерде,окуучуларды олимпиадаларга даярдоодо, окуучулардын билимин баалоодо колдонулуп келет. Бардык сабактардан,ар бир мугалим жаңы технологияларды колдонуунун, интернет булактарынан маалыматтарды пайдалануунун, электрондук оюн,тест менен, слайд менен иштөөнүн ыкмаларын билет. МКТ аркылуу мугалимдер маалыматтарды,көрсөтмө материалдарды, тренажер,текстерди даярдоо жана сактоо,слайд даярдоо, диагностика жана текшерүү иштерин жүргүзөт. МКТ менен сабакка даярданууда мугалим үчүн сабактын максатынын, структурасынын, мазмунун натыйжалуу жыйынтыкка жетүүсүнө жардам болот. МКТ менен сабак берүүдө окуучулардын өз алдынча иштеши,өзүн текшерүүсү, үй тапшырмаларын аткаруусунун көлөмүнүн, изденүүсүнүн, компьютердик сабаттуулактарынын, сабакта виртуалдык,визуалдык кабыл алууларын, кызыгууларын, окуу материалын тез кабыл алууга, практикалык | 2.2.1 . Чыгармачыл топтун планы<br>2.2.2. PISA-2025 изилдөөсүнө план<br>2.2.3. Мугалимдердин ишмердүүлүгү боюнча сүрөттөр<br>2.2.4. Сабактардын иштелмеси<br>2.2.5.Тарбиялык план<br>2.2.6.Тарбиялык иш-чаралардын сүрөттөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | көндүмдөрүн, сабакка болгон кызыгуулары бир аз болсо дагы жогорулагандыгы байкалат.Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар дагы МКТ өздөштүрүүгө жөндөмдүү.<br>Мектепте STEM программасындагы усулдар менен сабак өтүү да натыйжалуу иштерди жана окуучулардын да кызыгууларынын жогорулашын көрсөтүп жатат.<br>Мектеп мугалимдеринин 90 % и компьютерде иштей алышат жана интернетти пайдалануу менен мультимедиялык технологияларды колдонушат.<br>-интернетке туташкан компьютерлер иштейт.<br>-маалыматты бардык класска жеткирүү жана пайдалануу максатында Wi-Fi пайдаланылат.<br>-ар бир кабинетте телевизор бар, Wi-Fi менен туташкан.<br>-8 компьютер, 3 компьютер интернетке кошулган. 6 даана телевизор бар. 2проектор, 3 түстүү принтер , 2 ксерокс,2сканер 1 интерактивдүү доска бар. Мугалимдер сабак учурунда колдонуп иштей билишет.<br>Мугалимдердин өздүк 13ноутбук,2 компьютери бар. Сабакка даярданууда пайдаланышат. | |
| 2.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Мектепте окутуудагы жетишкендиктерди баалоо билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык билим берүү процессинде мугалимдердин өз убагында так маалымат алууга, тактап айтканда окуу программасына өзгөртүү киргизүүгө, окуучулардын муктаждыктарына жараша окутуу методдорун жана ыкмаларын ыңгайлаштырууга, билим берүү ыкмаларын жана мугалимдин окуучуга берген кайтарым байланышын өзгөртүүгө болот.Сабактарда кайтарым байланыш механизми боюнча мугалимге окутуу процессинин өтүп жаткандыгы, ар бир окуучунун жетишкендиктери жөнүндө маалымат, ал эми окуучулар күтүлүүчү натыйжаларга карата жетишкендиктери, ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө кеп-кеңештерди берет. Сабактарда кайтарым байланышта төмөнкү механизмдер колдонулат:<br>Биринчи этап «Жаңы тема» (мугалимдин түшүндүрмөсү);<br>Экинчи этап «Окуучунун жообу» (мугалим окутуу процессинин деңгээлде өтүп жаткандыгы тууралуу, окуучулардын жетишкендиктери жана кемчиликтери жөнүндө билет); | 2.3.1. Насаатчылардын пландары, иштери<br>2.3.2.Сабактын анализи<br>2.3.3. Ички көзөмөл планы<br>2.3.4.Сабактардын иштелмеси<br>2.3.5.Усулдук бирикмелердин токтомдору<br>2.3.6.УБ анализдери<br>2.3.7.Жаш мугалимдер менен иштөө планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Үчүнчү этап «Кайтарым байланыш, мугалимдин көрсөтмөлөрү» (окуучу мугалимден кеңеш алгандан кийин кемчиликтерин тактап, оңдоп, тапшырмага толуктоолорду киргизет);<br>Кайтарым байланыш,тесттер жыйнагы,сурамжылоо анкетасы аркылуу жүргүзүлөт. Кайтарым байланыш класстер, синквейн, суроо-жооп, Блумдун таксономиясы, Т-схемасы, синквейн, мээге чабуул ж.б.методдору менен жүргүзүлөт.Кайтарым байланыш сабактын максаттарына жетүүсүнө багытталган конкреттүү ишмердүүлүк, көйгөйлөр жөнүндө маалымат берүү, алуу процесси жана мугалимдин, окуучулардын өз ара мамиле түзүү, оюн айтуу, компетенттүүлүккө жетүүсү менен мугалимдин сабак берүүдөгү методикасын, ыкмаларын жөнгө салат.Мугалимдин сабак берүүдөгү методикасын көрүү, күчтүү,алсыз жактарын талкулоо сунуштоо менен окутуу процесси жөнгө салынат.Окутууну баалоодо катарым байланыш механизмдери КР билим берүү стандарттары,мектептин уставы, ченемдик актылары менен жүргүзүлөт.<br>Окуучулардын жазуу иштерин текшерүүдө конкреттүү сунуштары колдонулат.<br>Педагогикалык окутуу методдорун баалоо жана корректировкалоо максатында мектеп администрациясы окуу жыл ичинде ачык сабактарга катышып, ар бир сабакка тиешелүү анализдери берилген. Мугалимдердин өз ара сабакка катышууларынын саны да арбын. Ар бир сабакка катышуулар мугалимдердин сабакка катышуу дептерлерине камтылган. Натыйжада мамлекеттик стандарттын талабына ылайык мугалимдердин 85% кайтарым байланыш боюнча иш алып барат. Мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин арттыруу максатында өткөрүлгөн ачык сабактардан кийин сабакты талкуулоо карта боюнча жүргүзүлүп, сабактын жетишкендиктери жана кемчиликтери белгиленип, мугалимге тиешелүү сунуштар берилет.<br>Наасатчылыктын максаты-жаш адистерге кесипттик деңгээлин көтөрүүгө жана өркүндөтүүгө жардам көрсөтүү жана колдоо көрсөтүү менен мектекптин кадрдык потенциялын чыңдайт. Жыл сайын жаш адис менен бирдикте анын кесиптик деңгээлин жогорулатуу планын иштеп чыгат.Жаш адистин сабактарын жана класстан тышкаркы иштерин байкап, талдап баалайт. Мектепте ар бир усулдук бирикме жетекчилери тарабынан декадалар уюштурулуп, сабактарды өтүү графиктери бекиттирилет, | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ошондой эле методикалык кеңештеги планында каралган маселе боюнча класстарда жалпылап текшерүү жүргүзүлөт жыйынтыгы чыгарылып мугалимдер бөлмөсүнө мониторинг илинет. Өз ара сабакка катышуу менен мугалимдер метод алмашуулары жүрөт. | |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу. | Мектеп администрациясы сабактарга катышууда жана талкулоодо мугалимдин окуучулар менен сабактын максаттарына, күтүлүүчү натыйжаларга, окуучулардын ишмердүүлүгүнө оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүүгө жетишкенин, кайтарым байланыштан кийин аткарылган ишти баалоосун көрүүгө маани берет. Сабакка анализ берүүдө, натыйжалуу жана натыйжасыз кайтарым байланыш болгондугу объективдүү, айкын- ачык айтылып, мугалимге өзүн-өзү баалоого, өз ара баалоо жана сыпаттык баалоо түрлөрү пайдаланылат. Мугалимдин жетишкендиктерин, кемчиликтерин айтып өтүшүп баалоо жыйынтыктарын эске алуу менен окутуу процессине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү,окутууну уюштуруунун формасын, окуучулардын тутумун эске алуу менен сабакты туура пландаштыруу жана өзгөртүү,сабакта мурдагы көгөйлөрдү эске алуу менен диагностикалык баалоо, классты башкаруу боюнча техникаларды пайдалануу, сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иштөө, калыптандыруучу баалоо жана сабактын методдорун, ыкмаларын өзгөртүү боюнча сунуш- пикирлер берилип, жыйынтыктоочу баалоо болот.<br>Жакшы өтүлгөн сабактардын иштелмелери массалык маалымат каражаттарына чагылдырылат. Администрация тарабынан мыкты өтүлгөн ачык сабактар мотивация катары бааланып турат.<br>Мектеп окуучуларынан алына турган чейректик жат жазуу, текшерүү иши же тест мугалимдердин календардык планында так көрсөтүлгөн. Чейректик жат жазуу, текшерүү иши же тест алуу учурунда окуучуга тапшыруучу ишинин көлөмү, баалоо критерийлери мугалим тарабынан маалымдалып турат.Иштердин ачык-айкындуулугу дайыма эске алынат.Окуучуларга катасын таап, кайра жооп берүү жана кошумча тапшырмаларды аткаруу менен, көрсөткүчтөрүн оңдоого мүмкүнчүлүк берилет. Окуучуладын билим алуу процессиндеги жетишкендиктерин баалоо укуктук нормалык актыларда (мамлекеттик стандарт, баалоо системасы тууралуу жобо, предметтер боюнча стандарттар, окуу программасы) каралган баалоонун нормативдерине, критерийлерине ылайык ишке ашырылат.Жогоруда көрсөтүлгөн актылар окуучулардын билим алуусуна мотивацияларды, объективдүү баалоону | 2.4.1 Сабакты байкоо жүргүзүү формасы<br>2.4.2. Билим сапаты боюнча мониторинг<br>2.4.3. Сабактарынан жетишпеген окуучулар менен иштөө планы<br>2.4.4. Сабактардын класстар боюнча билим сапатынын мониторинги<br>2.4.5.Сабактардын берилишин текшерүү боюнча директор алд.кеңешменин токтомдору.<br>2.4.6.Маалымат тактасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | камсыз кылып, окуудагы жетишкендиктерди баалоого талаптарды калыптандырат.Мамлекеттик стандартта баалоонун диагностикалык, формативдик жана суммативдик түрлөрү белгиленген. Мектептин мугалимдери баалоонун бул түрлөрүн окутуу процессинин конкреттүү этаптарында ишке ашырат: Мектепте окуучулардын билимин баалоонун нормативдери, системасы бар..Маселен "Баа системасы жөнүндө" жобо жана мектепте аттестациялоону өткөрүү формасы,тартиби мектептин Уставынын негизинде жүргүзүлөт.Окуучунун жетишүүсүно байкоо жүргузүү жүргүзүлөт.(Жетишүү диаграммалар, билим сапаты мониторинги ж.б) Класстардын аттестациясы фиксациясыз сапаттуу жыл ичинде класстык журналга коюлган беш баллдуу шкала боюнча жүргүзүлөт. Мындан тышкары окуучуларды тест,эссе, практикалык-лабараториялык, диктант, сочинение аркылуу да бааланат. Окуу программасында көрсөтүлгөн нормативтер жылда алынат жана жыйынтыгы чыгарылат.Мектепте ар бир чейректи жыйынтыгында ар бир усулдук бирикме ишине свот-анализ менен анализдейт.Маалымат тактада мониторингдер көрүнүп турат | |
| 2.5 | Окуучуларга баалоону колдонуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароону жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Окуучулардын жетишкендиктери ченемдик –укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт.Мектепте окуучулардын билимин баалоо окуучулардын билим алуу процессинде активдүү катышуусуна,шыктануусуна, предметке болгон кызыгуусуна, умтулуусуна, күтүлгүчү жыйынтыкка өздөрүнүн билимин өз алдынча баалай билүүсүнө,бирин-бири баалап,сын-пикирин, көз карашын билдирүүгө жете алат.<br>Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча обьективдүү жана системалуу иштер жүргүзүлөт, мындай баалоо окуучулар менен мугалимдердин ортосунда кызматташтык мамилени жаратып, ийгиликтерге жетүүсүнө шарт түзүп турат. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо «О»срези алынып, окуучуларга диагностикалык, административдик, текшерүүчү, жыйынтыктоочу баалоолор жүргүзүлөт.Окуучулардын жетишкендиктери мектеп администрация тарабынан көзөмөлгө алынып, мониторинг аркылуу чейректер жана жылдар боюнча баалоонун анализи жүргүзүлүп турат.Окуучулардын билими сырткы баалоо аркылуу да жүргузүлүп турат,НЦТ,Секом билим берүү борбору,НОВА аркылуу жүргүзүлүп, салыштырмалуу мониторинг жасалат.Баалоо критерийлери күнүмдүк сабактарда, жазуу иштерин жүргүзүүдө, окуу жөндөмдөрүн, долбоорлорду, практикалык иштерде презентация кылууда алдын ала мугалим жана окуучунун катышуусунда иштетилип чыгып,баалоонун айкын- | 2.5.1"0"срездин, ЖМАнын жыйынтыгы, мониторинг<br>2.5.2. .Педагогикалык кеңешменин токтому<br>2.5.3. «ЖМАны өткөрүү жөнүндө» буйрук<br>2.5.4.ЖМАнын токтому<br>2.5.5. Сабактарда окуучуларды баалоодогу айрым критерийлер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ачык болушу үчүн талкуулар жүргүзүлөт.Критерийлер жеке, жупта, топтордо иштөөдө формаларында жана баалоонун бардык түрлөрүндө иштетилип чыгат.<br>Чейректик билимин баалоого мониторинг жүргүзүлүп жана кайра карoo педкеңешмеде, усулдук кеңешменин, усулдук бирикмелердин ишинде баалоодогу жетишкендиктер, кемчиликтерге карата талкулоо, оңдоп-түзөтүүлөр,сунуштоолор берилип, чечимдер чыгарылып турат. Бүтүрүүчү класстарды сынактарга киргизүү, жыйынтыгын чыгаруу ченемдик актылардын негизинде жана кичи педкеңешмелерде каралып, жетишкендиктерине,кемчилтиктерине баа берилип сунуштоо, оңдоо- түзөө иштери жүргүзүлөт, айкын – ачык бааланат жана жыйынтыктары ата – энелерге угузулулат.<br>8- 11-класстарын олимпиадага даярдоо пландын негизинде жүргүзүлөт.География, кыргыз тили предметинен райондук, областтык алкакта,англис тили,тарых предметтеринен районук алкакта жетишүүлөр бар.<br>Бүтүрүүчү класстар үчүн маалыматтык экзамендик бурчтар уюштурулган жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын баалары илинип турат ( окуучулар жана ата-энелер таанышуу үчүн). Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация жыйынтыктары боюнча кайрылуулар жана даттануулар «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жөнүндө» жобонун негизинде айкын- ачык иш жүргүзүлөт.ЖРТ нын жыйынтык талондору бүтүрүүчүлөрдүн жеке өзүнө берилет. ЖРТнын жыйынтыгына макул болбогон бүтүрүүчүлөр тестирлөө борборуна жекече кайрыла алышат.Окуу жылынын аягында класстар, баскычтар боюнча окуучулардын жыл ичиндеги жана жыйынтыктоочу билими бааланып, мониторинг жүргүзүлөт. | |
| 2.6 | Коопсуз,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден-соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Мектеп өзү авариялык абалда. Мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша мектепте гигиеналык-санитардык шарттарды түзүү, экологиялык коопсуздук (таза суу,туура тамактануу, жарыктандыруу, энергоэффетивдүүлүк, ыңгайлуу температура,туура желдетүү, жашылдандыруу) жана физикалык коопсуздук (коопсуз имарат,өзгөчө кырдаал учурундагы коопсуздук,окуу үчүн жабдуулар),социалдык коопсуздук<br>( укугунун чектелбеши,зордук- зомбулуктун жоктугун камсыздоо),толеранттуу атмосфераны түзүү, мектептин кызматкерлеринин, | 2.6.1. Соцпаспорт<br>2.6.2. Антитеррордук паспорт<br>2.6.3.Антитеррордук документ<br>2.6.4. Коопсуздук эрежелер боюнча сабактар<br>2.6.5. Коопсуздук эрежелери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуучулардын ден соолугуна кам көрүү иштери колго алынып турат.Жогоруда саналган багыттар боюнча иштер жылдык пландын негизинде жүргүзүлөт.Мектепте коопсуздукту камсыз кылууда бардык структуралар айыл өкмөтүнүн жана ата- энелердин өнөктөштүгү менен ишке ашырылып турат.Мектептин социалдык коопсуздугун камсыздоо, алдын алуу иштерин колго алуу максатында ИДН кызматкери менен уюштуруучу тыгыз иштерди жүргүзүп турат.Өзгөчө кырдаал, өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча практикалык, көндүмдүк сабактар окуу жыл ичинде өткөрүлөт.Мектепте соцпедагог, уюштуруучу,класс жетекчилер тарабынан алдын алуу иш-чаралары жана мугалимдерге, окуучуларга коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо үчүн тематикалуу семинарлар өткөрүлүп турат. Окуу жылдын башталганда жана каникул күндөрү окуучулардын жолдо жүрүү, өрт коопсуздугу,техникалык коопсуздук эрежелери боюнча инструктаждар жана ден соолуктарынын коопсуздугун алдын алуу, жугуштуу ооруларды(ОРВИ, гепатит, учук, ковид -19 ж.б.) жана санитардыкгигиеналык эрежелерин сактоо боюнча класстык сааттар, инструктаждар өткөрүлүп турат.Класс кабинеттерде коопсуздуктардын эрежелерин сактоо, жолдо жүрүү эрежелерин сактоо,ден соолук бурчтары илинген. Физика, химия предметтеринен лабораториялык иштерди жүргүзүү боюнча окуучуларга инструктаж өткөрүлүп, коопсуздук эрежелери сакталып келет.Дене тарбия предметинен жана ийриминен коопсуздук эрежелерин сактоо иштер колго алынган, коопсуздук журналы бар. Башталгыч класстарынын Пионер айылындагы филиалынын 51 окуучусуна ысык тамак берилет. . Кухнянын ичи санитардык- гигиеналык талаптарга жооп берет. Негизги мектептин ысык тамак бышырууга ашканасы жок болгондуктан 69 окуучусуна булочка менен чай гана берилет | 2.6.6. Коопсуздук эрежелери боюнча кызматкерлер жана окуучулар менен инструктаж журналы<br>2.6.7. Эвакуациялык план<br>2.6.8. Коопсуздук боюнча жана алдын алуучу иш-чаралардын сүрөттөрү<br>2.6.9. Мектеп жаш өспүрүмдөр уюмунун иши<br>2.6.10. Спорттук иш-чаралардын сүрөттөрү<br>2.6.11. Коопс.камсызд.түзүмдөр менен биргеликте иштердин сүрөттөрү<br>2.6.12.Соц.педагогдун планы<br>2.6.13.Ден соолук боюнча проф.алдын алуу иш планы |
| 2.7 | Ички жана тышкы баалоонун,системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Окуучулардын билимин ички баалоо ишмердүүлүгү бөлүм, главалар, чейректер бүткөндө тесттик, жазуу иштери аркылуу баалоолор жүргүзүлөт. Ички баалоо «О» срези, административдык текшерүүчү,чейректик, жыйынтыктоочу баалоолор аркылуу жүргүзүлөт.Чейректер сайын предметтер, класстар, звенолор боюнча окуучулардын билиминин натыйжаларынын динамикасы ( мониториг) жүргүзүлүп, анализ жазылат.Тышкы баалоодо бүтүрүүчү 11- класстар райондук билим берүү бөлүмү, НОВА, СЕКОМ билим берүү мекемеси, 9, 10,11 – класстар НЦТнын тестирлөөсүнөн жыл ичинде өтүп турушат. ЖРТгө даярдык иштери үзгүлтүксүз жыл ичинде мектеп ичинде предметтер боюнча кошкумча | 2.7.1 Окуучулардын ички,сырткы баалоосунун маалымат анализи, мониторингдер<br>2.7.2 Билим сапаттын мониторинги<br>2.7.3.ЖРТ мониторинги<br>2.7.4.Мектептин жетишкендиктеринин грамоталары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окутуу,Нова, Секом билим берүү мекемеси аркылуу окутуу аркылуу жүргүзүлөт.Ички,тышкы баалоо иштери системалуу жүргүзүлөт жана жыйынтыгы боюнча мониторингдер педагогикалык кеңешме, усулдук бирикмелердин кеңешмелеринде каралып,талкууланат. | 2.7.5.Жаш өспүрүмдөр уюмунун иши |
| 2.8 | Кызыктар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Мектепте көрүнүктүү жерде “Ишеним почтасы” орнотулган, “Ишеним почтасы” мектептин соц педагогу тарабынан көзөмөлгө алынып турат. “Ишеним почтасы” атайын түзүлгөн комиссия мүчөлөрү менен бирге ачылып,жабылат. Эгерде окуучулардын чөйрөсүндөгү кайрылуулар,арыздар, тартип, таалим менен байланыштуу маселе болсо мектеп администрациясы,мектептин соц педагогу жана уюштуруучусу, класс жетекчи, ата-энелер коомчулугу менен бирге маселе чечилет. Акыркы 5-10 жыл аралыгында көзөмөлдөн чыгып кеткен, масштабы чоң маселелер катталган жок<br>Администрация тарабынан кызыктар тараптардын кайрылуулары, арыздары каралып, журналга катталып, 3 күндүн ичинде жооп берилет. Кызыктар талаптардын кайрылуулары, арыздарына жооп берүү тартиби «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» жобого ылайык жүзөгө ашырылат. ЖМАны жүргүзүүдө талаш-тартыш комиссиясы тарабынан ченемдик-укуктук актылардын негизинде окуучулардын билимин баалоодо адилеттүүлүк болуп турат. Кайрылуулар мугалимдердин жамааттык жыйналыштарында, профсоюз комитетинин ишинде каралып, жыйынтыгы берилет.Мектепте талаш-тартын маселелери мөөнөттү узуртпай өз убагында чечилип турат. Акыркы 5 жыл ичинде ата-энелерден көйгөйлүү кайрылуулар,арыздар катталган жок. | 2.8.1. Жарандардын кайрылууларын каттоо журналы<br>2.8.2. Ишеним почтасы, актысы<br>2.8.3. Ишеним почтасы |
| Күчтүү жактар: | | Окутууну баалоо КРнын билим берүү, предметтик стандарттарынын талаптарынын, укуктук- ченемдик актылардын негизинде айкын- ачык жүргүзүлгөндүгү. Мугалимдердин МКТ, интерактивдүү методдорду колдонуу менен окуу- тарбия процессин уюштургандыгы. Кайтарым байланыш механизмдерин туура жүргүзүү менен жетишкендик, кемчиликтерди табуу менен убагында оңдөө-түзөө иштерин жүргүзүү.Билимдерин баалоодо мониторинг жүргүзүлүп, анализ жазылгандыгы. Алдын алуу иштеринин системалуу жүргөндүгү. | |
| **Алсыз жактар:** | | Мугалимдердин 10 % ти МКТны өздөштүрө албагандыгы.Электрондук китеп менен иштөөдө мектепте, үй шартында интернеттин толук жетишпегендиги. Класс- кабинеттердин интернетке толук кошулбагандыгы.Интерактивдүү доска,акылдуу панел, компьютердик техниканын жетишпегендиги. Мектеп авариялык абалда болгондуктан толук кандуу шарттын жоктугу.Класс кабинеттердин жетишсиздиги, тардыгы айрым санитардык талаптарга жооп бербей калышы. Негизги мектепте ашкананын жоктугу. 69 окуучуга ысык тамак берүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Мектепте видео көзөмөлдүн жоктугу. | |

| 3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билим билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мектепте 30 педагогикалык кызматкер эмгектенет, адистиктери боюнча сабактар берилет жана сапаттык курамы төмөндөгүдөй:<br>жогорку билимдүү –25 мугалим<br>Кыргыз тили мугалими - 3<br>Орус тил мугалими -2<br>Англис тили мугалими -3<br>Математика мугалими - 2<br>Физика мугалими -1<br>Химия- биология мугалими – 1<br>География мугалими – 1<br>Информатика мугалими - 1<br>Тарых мугалими- 2<br>Башталгыч класстын мугалими- 11<br>Технология,музыка мугалими- 1<br>Дене тарбия мугалими-2<br>Сыйлыктар боюнча:<br>- Билим берүүнүн отличниги - 4<br>- Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы –4<br>-Ысык-Көл областык билим берүү бөлүмүнүн грамотасы – 1<br>-Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын грамотасы-4<br>-Ак-Суу райондук билим берүү бөлумүнүн ардак грамотасы - 3<br>Мугалимдердин педстажы:<br>- 0-5 жыл – 3<br>- 5-10 жыл – 15<br>- 10-15 жыл – 1<br>- 15 жылдан жогору – 11, анын ичинен пенсияга курагындагылар – 7<br>Мугалимдер бардык предметтерди адистиги боюнча беришет жана дипломдоруна шайкеш келет.Билим берүү программасына шайкеш келүүсү боюнча информатика предметинин 1-бөлүгүн математика мугалими,2-бөлүгүн физика мугалими,биология предметин химия мугалими берет. | 3.1.1 Мугалимдердин сапаттык курамы<br>3.1.2.Мугалимдер тууралуу мониторинг<br>3.1.3. Расписание<br>3.1.4. Тарификациялык тизме<br>3.1.5. Тарификация |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү,ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектептин физикалык жана психологиялык коопсуздук чөйрөнү камсыздоо максатында ата-энелер жана кызыктар тараптар менен ар кандай сурамжылоолор, чогулуштар өткөрүлүп турат. Мектептин жарыктандыруусу, жылуулугу, санитардык талаптарга жооп берүүсү, ички эрежелеринин сакталышы, коопсуздук чөйрөсү ж.б.у.с. анкеталар алынып турат. Мектептин "Тобокел" тобундагы окуучулар менен мектептин соц педагогу, тарбия завучу, класс жетекчилер ар кандай иш-чараларды өткөрүп турушат.<br>Мектепте окуучунун санынын аздыгына жараша психолог штаты каралган эмес.<br>Окуучу балдарга,мугалимдерге ата-энелерге психологиалык коопсуз чөйрө түзүү шарттары төмөндөгүдөй.<br>-Мектеп соц педагогунун иш алып баруусу.<br>– Зордук- зомбулукту болтурбоо иретинде конкурстарды, таймаштарды,спорттук мелдештерди,тегерек столдорду ж.б. өткөрлүшү.<br>-Балдарга психологиялык коопсуз жагдай түзүүнүн сурамжылоосун мектеп администрациясы, соц педагог менен бирдикте жүргүзөт. Сурамжылоонун жыйынтыгында иш жүргүзүүдө психологиялык коопсуздукка жакшылап көңүл бөлүү керек экендиги аныкталды. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн ФАП кызматкери менен мектеп бирдиктүү иш алып барат .Социалдык педагог анкета жүргүзөт жашыруун кутуча пайдаланылат,ар бир айда комиссия курамы менен ачылып протокол түзүлөт. Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн кутуча ичиндеги көйгөйлөр ата эне, окуучу менен бирдикте маек жүргүзүүү менен чечилет. ИДН кызматкерлери менен тарбия завуч,соц педагог ай сайын алдын алуу иштерин жүргүзүп, чогулуштарды өткөрүп турат.<br>- соц педагог менен ата-энелердин ортосунда жакшы иш жүргүзүлөт.<br>- Мектеп жамаатына,окуучуларга "Өрт коопсуздугуна жана өзгөчө кырдаалдарга" карата иш пландын негизинде окууларга иш-чара өткөрүлүп турат.<br>Өрт коопсуздугун алдын алуу максатында окуу корпустарынын эвакуациалык пландары райондук ӨКБ менен макулдашылып бекитилген. | 3.2.1 Тех.паспорт<br>3.2.2.Ата-энелер менен иштөөсүнүн планы<br>3.2.3 Соц.педагогдун 5ж.анализи<br>3.2.4 Ата-энелердин жыйналышынын токтомдору<br>3.2.5 Ата-энелер чог. сүрөттөр<br>3.2.6.Жарандык коргонуу планы<br>3.2.7. Тарбия иш. Анализи<br>3.2.8. Сурамжылоо,анкета<br>3.2.9. Мониторинг соц.абал<br>3.2.10. Үч тараптуу келишим |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектеп окуучулары эвакуациялык чиймеге ылайык кошумча эшиктерди колдонууну билишет.<br>Педагогдордон, тех жумушчулардан турган жарандык коргонуу папкасы уюштурулуп райондук ӨКМ нин башчысы менен макулдашылган.Жарандык коргонуу планында кырсыктарды алдын алуу тобокелдигинин деңгээли толук көрсөтүлгөн. | |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Педагогикалык кадрлардын кесиптик билимин жогорулатуу иштери мектепте түзүлгөн план-графиги боюнча үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатуу 5 жыл сайын РИПКнын, Ысык-Көл областтык билим берүүнүн курстарынан өтүп келишет.Акыркы 5 жылда квалификациясын жогорулатуу курстарында төмөндөгүдөй өтүшкөн :<br>2017- 2018-жылы – 4%<br>2018- 2019-жылы – 7%<br>2019- 2020-жылы- 14%<br>2020- 2021-жыл -25%<br>2021- 2022-жылы- 25%<br>Дистанттык, онлайн курстар- 40%<br>Мектеп администрация тарабынан мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатууга багытталган методикалык жардам берүү иштери үзгүлтуксүз жүргүзүлүп келет. Мектепте насаатчылык системасы жана жаш адис мектебинин биргелешкен планы бар жана системалуу иш жүргүзүлөт.Жаш адистер үчүн семинар- тренингдер өткөрүлүлүп турат. Мындан тышкары мектеп администрациясы, мугалимдер республикалык, район аралык методикалык бирикмелерде кесиптик билимин жогорулатуучу кыска мөөнөтүү тематикалуу семинар- тренингдерге, мастер- класстарга катышуусу окуу-тарбия процессинин жакшыртылышына оң таасирин тийгизип келет.<br>Мектептин миссиясынын негизинде мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатууга, окутуунун методикаларын, ыкмаларын өзгөртүүгө, жакшыртууга багытталган администрация, методикалык бирикмелердин тематикалуу семинар- тренингдер, практикалык сабактар, мастер-класстар да өткөрүлүп турат. Тажрыйба алмашуу максатында мугалимдер өз ара сабакка катышышат. | 3.3.1. УБ 5 жылдык анализи<br>3.3.2. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча 5 жылдын мониторинги<br>3.3.3. Семинарлардын материалдары,сүрөттөрү<br>3.3.4. Мугалимдердин курстардан өтүшү боюнча перспективдүү планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуу жылынын аягында район, шаардык предметтик олимпиадада окуучулары байгелүү орун алган райондук ПК тарабынан баалуу сыйлыктар жана мектеп тарабынан акчалай сыйлыктар ишмердүүлүгүнө жараша берилип турат жана грамоталар менен сыйланышат. | |
| **Күчтүү жактар:** | | Мектепте бардык предметтер адистиктери менен берилиши, мугалимдердин жогорку билимдүү болушу жана предметтердин толук берилиши.Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнүн болушу.Алдын алуу иштеринин системалуу жүрүшү.Мугалимдердин системалуу түрдө квалификациясын жана өз билимин жогорулатып туруусу. Кызматкерлерди мотивациялоонун болгондугу. | |
| **Алсыз жактар:** | | Айрым мугалимдердин традициялуу сабак берүү методдорунун эскиргендиги, чыга албагандыгы жана калыптанып калганыгы. Айрым мугалимдердин квалификациясын жана өз билимин жогорулатуучу курстарга бара албай калышы. | |

| **4.М А Т Е Р И А Л Д Ы К – Т Е Х Н И К А Л Ы К  Б А З А** | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имаратынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар,спорт зал ) болушу | Мектепте 8 компьютер, 2 проектор,2 ксерокс,2сканер,3 принтер, 6 смарт тв, 3 түстүү принтер, мугалимдердин өздүк 13 ноутбуктары,2 компьютери,6 түстүү.принтери бар. Компьютердик класс жок. Окуучуларга информатика предметин окуу үчүн комьютердин саны жетишпейт. Химия, биология, физика предметтери боюнча лабораториялар жок. Окуу кабинеттер жетишпейт. Окуу- кабинеттеринде интернетке туташкан телевизорлор бар жана жабдылышы стенттер менен гана жасалгаланган. Актовый зал талапка толук жооп бербейт,караңгы. Мектептин спортзалы,мини футболдук аянтчасы жок. Спорт аянты, спорттук жабдыктары жетишсиз. Окуучулардын ден соолугун чыңдоого, кам көрүүгө толук шарттар жок.<br>Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн мектепте пандус бар.<br>Интернет жана окуу предметтери боюнча электрондук билим берүү ресурстарын колдонууга кирүү мүмкүнчүлүгү мектептин шартына жараша бар.Үй шартында окуу китептери жетишпеген окуучулар өздүк | 4.1.1 3 тараптуу келишим<br>4.1.2 Класс- кабинеттердин жабдылышынын сүрөттөрү<br>4.1.3.Материалдык-техникалык база боюнча 5 жылдык мониторинг<br>4.1.4. Пандус |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | компьютер, ноутбуктары, мобилдик телефондору аркылуу электрондук ресурстарды, китептерди колдоно алышат.<br>Мектептин материалдык техникалык базасын жакшыртуу, көгөйлөрдү чечүү максатында стратегиялык өнүктүрүү планы менен иштер жүргүзүлөт. Мектептин администрациясынын иш- аракети,сүйлөшүүлөрү аркылуу спорттук жабдыктар демөөрчүлөрдүн жардамы менен алынып турат. | |
| 4.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Мүмкүнчүлүккө жараша мектептин окуу- тарбия процессинин жүрүшүнө шарттар түзүлгөн жана техникалык коопсуздуктун эрежелерин сактоо менен талаптарына ылайык иш алынып барылат. КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11- апрелиндеги № 201 токтомунун “Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары” токтомунун санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдеринин талаптарын ишке ашыруу максатында окуучулардын ден соолуктарын сактоого багытталган жана окуу имаратынын аймагына, жайгашуусу, жабдылышы,аба-жылуулук режими, жарыктандыруу,суу менен камсыз кылуу жана канализация, билим берүү процессинин режими, окуучуларды жана мектептин кызматкерлерин медициналык кароодон өткөрүү, мектептин санитардык абалы жана аларды күтүү, башталгыч класстарында тамактанууну уюштуруу боюнча иштер жүрүп турат. Окуучулардын ден соолугуна кам көрүүгө медициналык бурчта аптечка уюштурулган. Айрым класстарда окуучулардын саны 25-33ге чейин жеткендигине байланыштуу окуучулардын партага жайгашуусу талапка жооп бербей келет. Мектептин негизги имараты авариялык абалда эски болгондуктан энергияны үнөмдүү колдонуучу лампалар колдонулбайт жана өрт коопсуздугунун талаптарына толук жооп бербейт. Өрттөн коргонуучу шаймандар бар. Мектептин эвакуациялоо планынын схемасы, өрт коопсуздугун алдын алуу,тез арада эвакуациялоо, авариялык-куткаруу, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын планы КР ӨКМнин райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмү менен бирдикте макулдашылган түзүлүп, пландын негизинде иш чаралар өткөрүлүп турат. Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча мугалимдерге жана окуучуларга инструктаж өткөрүлүп, журналга колдору коюлган. | 4.2.1. Техпаспорт<br><br>4.2.2.Эмгекти коргоо жана коопсуздук маселери боюнча окуучулар менен иш алып баруунун документтери жана иш жүргүзүү тартиби<br>4.2.3 Өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо,тартип эрежелерин сактоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери<br>4.2.4 «Эмгек шарттарында жумушчу орундарын текшерүү комиссиясын түзүү жөнүндө» буйруктун көчүрмөсү<br><br>4.2.5. Жашылдандыруу боюнча сүрөттөр<br><br>4.2.6 Кабинет жетекчилеринин коопсуздук эрежелери<br><br>4.2.7.Санитардык текшерүү актысы<br>4.2.8. Щит<br>4.2.9.Авариялык абалды тастыктаган корутунду документтер,актылар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Экологиялык коопсуздукка карата мектептин айланасы жашылдандырылган иштери колго алынган.<br>Мектепте ички даараткана жок, сырткы даараткана талапка жооп берет. Ашканада таза суу, аристон орнотулган, кол жуугуч бар. Мектептин санитардык- гигиеналык абалы, коопсуздук эрежелеринин сакталышы көзөмөлдөнүп турат. | |
| 4.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштери менен билим берүү процессин өстүрүүгө багытталган иштер системалуу жүрүп турат.<br>2018-жылы мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында камкорчулардын "ҮМҮТ" коомдук бирикмеси түзүлгөн. Алардын жардамы менен мектепке 1 проектор, 1 интекративдүү доска ,2 телевизор, 1 түстүү принтер, мугалимдер үчүн 8 стул,окуучуларга керектүү спорттук шаймандар ж.б. алынды.Көмөкчү чарбадан 1 телевизор.<br>Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштерин улантуу боюнча мектептин Стратегиялык径 пландын негизинде 2021-2022-жылдарда ата-энелер, демөөрчүлөрдүн жардамы менен класс- кабинеттердин жасалгасы,спорттук шаймандар,1 смарт телевизор, 1 түстүү принтер,1 ксерокс, 13% окуу китептери, адабий китептер, географиялык карталарды сатып алынды.<br>2021-2022-жылы көмөкчү чарбаны жерди арендага алуу менен уюштурулуп,анын негизинде 1 түстүү принтер, 1ноутбук, 1 калонка микрафону менен алынды.<br>Мектепке 2017-жылдын 21-ноябрь КР Билим жана илим министрлиги тарабынан 2 түстүү телевизор,2018-жылы 1 проектор, 1 ноутбук келген.<br>Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча жооптуулар отчёттор, анкеталар, сурамжылоолор аркылуу маалыматтарды топтоп мониторинг жүргүзүп турушат. Ар жылы инвентаризациялоо боюнча актылар жүргүзүлүп, мектептин буюмдары жабдылыштарынын сакталышы системалуу түрдө көзөмөлдөнүп турат. Булардан сырткары спорт инвентарлары, медикаменттер, ашкана буюмдары менен системалуу түрдө камсыздандырылып турат. | 4.3.1.МӨП<br>4.3.2 Алынган мүлктөрдүн мониторинги<br>4.3.3 Демөөрчүлөр, ата-энелер менен иштөө боюнча сүрөттөр<br>4.3.4. Камкорчулардын "ҮМҮТ"коомдук бирикмесинин уставы<br>4.3.5. "ҮМҮТ"коомдук бирикмесинин күбөлүгү<br>4.3.6.Ата-энелердин чогулушунун токтому |
| **Күчтүү жактар:** | | Материалдык- техникалык база жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу иштеринин системалуу жүрүшү.Мугалимдердин өздүк компьютердик техникаларынын болгону.Экологиялык коопсуздуктун, техникалык, өрт коопсуздугунун, башталгыч класстарында тамактанууну уюштуруу иштеринин туура жүргөндүгү.Мектептин коопсуздукту алдын алуу планын структуралар менен биргелешип түзүп иш алып баргандыгы.Демөөрчүлөр менен тыгыз байланыштын бардыгы.Стратегиялык өнүгүү планынын болгондугу. Көмөкчү чарбанын уюштурулушу | |

| | |
|---|---|
| **Алсыз жактар:** | Мектептин эскилиги, компьютердик класстын,лабораториялык кабинеттин, спорт залдын, кичи футбол аянтчасынын жоктугу. Акылдуу панел, интерактивдүү досканын, компьютердин, химия, физика сабактарынан лабораториялык приборлордун, класстарда интернет булактарынын жетишсиздиги. Энергияны үнөмдөө (лампалар), санитардык- гигиеналык ченем, талаптардын аткарылгандыгынын толук талапка жооп бербөөсү. |

**3.Корутунду**

Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окууту процессиндеги билим берүү программаларынын жана окуу-методикалык каражаттар менен камсыздалышынын билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсүн,компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин туура,айкын -ачык баалоо,кадр саясатынын эффективдүүлүгүн жакшыртууга карата жүргүзүлгөн иштерин, материалдык-техникалык базаны чыңдоого багытталган ишмердүүлүгүн жана өзүн-өзү баалоо отчетун карап чыгып, комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди:

Мектептин өзүн-өзү баалоосунун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органга программалык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрайымы:_____________ Отомбаева Б.С.-мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү:_____________ Мукамбетакунова Н.Р.-окуу бөлүмүнү башчысы

______________ Эркинбек кызы Айгерим - уюштуруучу

______________Токоноева М.М. соц.педагог

______________ Мамралиева К.А.- усулдук бирикменин жетекчиси

______________Молдобаева Э.Ж.- усулдук бирикменин жетекчиси

______________ Орозакунова Ш.Т.- усулдук бирикменин жетекчиси

_______________ Бектенов С.А.- усулдук бирикменин жетекчиси

_______________Молдобаева О.С.-ата-энелер комитетинин төрайымы